## ГЕОГРАФИЯ БИЛИМИНДЕ ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ КУРАЛДАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН МААНИСИ

Д.Ш.Исмаилова
*А.Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык педагогикалык институту, Ош ш.*

Азыркы кїндє электрондук окуу куралдарын билим берїїдє колдонуу туралуу талаш тартыш кызуу жїрїїдє. Азырга чейин кєпчїлїк педагогдор тарабынан электрондук окуу куралдарынан пайдаланып сабак єтїї абалдары кєрсєтїлбєй жана кєрсєтїлгєндєрї болсо заман талаптарына ылайык келбейт. Ошондуктан биринчи кезекте электрондук окуу курал деген эмне экенин тїшїнїп алуубуз зарыл.

Электрондук окуу куралы - бул программалык-усулдук комплекс болуп, автоматтык тїрдє єзї же окутуучу жардамында бир предметти же анын бир бєлїгїн компьютер жардамында окутуу мїмкїнчїлїгїн жаратат. Электрондук окуу куралы негизинен 3 бєлїктєн турат.

1. Тексттин компьютерде кєрїнїшї;
2. Презентация уюштуруу - бул жерде географияга тиешелїї негизги маалыматтар, географиялык терминдер, топонимдер берилет.
3. Тест (МРС) - мында теориялык билимдер бааланат.

Мен бул жерге дагы бир бєлїмдї киргизїїнї сунуштайм, бул дагы болсо «лабораторлдїк бєлїм» мында теориялык билимдер практикада бышыкталат, географиянын тармактары боюнча кєнїгїїлєр, маселелер, мисалдар чечилет жана карта менен иштешет. Кєпчїлїк педагогдор электрондук окуу куралдарды компьютерде жазылган тексттен турат деп тїшїнєт, заманбап технологиялардан пайдаланган абалда электрондук окуу куралдар жаратылган болуп, алар їн жардамында жана кыймыл анимациялар менен берилет. Туура жєнєкєй тексти компьютер жардамында окугандан кєрє кагаз бетинде окуган апзел, бирок кагазда кыймыл жана їн болушу мїмкїн эмес. Ошондуктан жаны электрондїк окуу куралы жаратылып жаткан учурда жєнєкєй текст менен гана чектелбестен, бир жаўы анимация менен байытууга, издєє системасыны пайда кылууга, їнгє чоў кєўїл буруу зарыл.

Электрондук окуу куралдарында мїмкїнчїлїктєр кєп болуп алар тємєнкїдєй;

- тез табуу мїмкїнчїлїгї, издєє системасы (жєнєкєй окуу куралында издєє їчїн кєп їбакыт сарпталышы мїмкїн);
- гипертекстїї тїшїнтїрїїнїн кєп тармактуулугу менен убакытты їнємдєє, текст менен гана чектелбестен, їндїї тїшїндїрїї, кєрсєтїї ж.б.у.с. мїмкїнчїлїктєр.

Мїмкїнчїлїктєр менен мїльтимедиядан пайдалануу да чоў мааниге ээ. Окуучу тандаган темасы боюнча толук маалымат алууга, темалар боюнча рейтинг баллын билип алууга, электрон окуу куралынан пайдалануу процессинде керектїї тексти кагазга чыгарып алїї мїмкїнчїлїктєрїн жаратып берїїбїз керек.

Электрон окуу куралы бир предмет же тема жєнїндє толук маалыматтарды єз ичине алган болушу жана аны видео сїрєттєр жардамында ошондой їн менен байытылган болуу керек. Электрондук окуу куралында мїльтимедия технологияларынан пайдалануу менен бир катарда окуучу же студент жеке тартипте пайдаланышы їчїн дагы ыўгайлуу болушу зарыл. Бул болсо окуучу жана студентке даяр консультация болуп калышы мїмкїн. Демек, мындан келип электрондук окуу куралы їзгїлтїксїз жана иреттелген болуу керек. Ар кандай тандалган тема же бєлїм айрыкча лабораторлдук иштер жана текшерїї (тест, сан-диктант, коллеквуюм) менен жыйынтыкталган болсо гана эффективдїї жана натыйжалуу болушу мїмкїн. Электрєндїк окуу кїралынын дагы бир тїрїндє кїчтїї билимге ээ профессор-окутуучулардын лекциялары топтолгон жыйнак кєрїнїшїндє да болот. Бул жыйнакты даярдоодо дээрлик мїмкїнчїлїктєр кєп. Дээрлик ар бир компьютерде CD-ROM (Compact Disk Read Only Mechansm) орнотулган. Ар CD дискетке 2-3 сааттык лекцияны жазуу мїмкїн. Азыркы кїндє DVD дисктери иштеп чыгарылып, алардан тїрдїї максаттарда єтє кеў пайдалануу мїмкїнчїлїгї бар, ага єтє чоў маалымат жана видеофрагменттер жазуу мїмкїнчїлїгї бар. Мындай электрон окуу куралын жаратуудан алдын лекциялар иреттелген жана бєлїмдєргє ажыратылган болушу зарыл. Бул окуу куралынан пайдалануучулар керектїї бєлїмдї бир нече жолу кайтарып пайдаланууга ыўгайлуу болсун. Электрондук окуу кїралы CD же DVD дисктеринде кыйла жайды ээлеген болуп (мегабайт же гигебайт) дискеттен турат. Мындан тышкары флешкадан да пайдаланса болот. Толук электрондук окуу куралы убакытты їнємдєє менен бир катарда окуучу тїшїнїшї кыйын болгон жана жаўы материалдарды кайталап пайдалануу мїмкїнчїлїгїн берет. Мындан келип чыгат гипертекстер альфавит формасында жайгашат. Салыштырып карасак, жєнєкєй окуу куралында ссылка бардык номерине берилет.

Электрондук окуу куралында болсо гиперссылка көрсөтүлгөн маалыматтар туурадан-туура экранга чыгарат. Бул убакта калган маалыматтар артка кайтуу, гиперссылка жардамында көрүү мүмкүнчүлүгүн үзгүлтүксүздүктү камсыздайт. Электрондук окуу куралында текст видеофрагменттер демонстрацияларына ирeттөө механизминде лаборатория иштери жана текшерүү түрүн киргизүү көп эмгекти талап кылат. Бул жерде үзгүлтүксүздүктү камсыздоо эң негизги маселе эсептелет. Ошону менен бирге электрон окуу куралыны иштетүү үчүн инструкциядагы берилет. Инструкциялар кагазда же readme тексттинде NTML , FLASH ж.б. документтер формасында берилет. Инструкциянын маанисинин чоңдугу тажрыйбада далилденген. Тажрыйбадан өткөрүлгөн группаларда инструкция менен таанышып чыккан окуучулар 5-10 эсе тез жана анын иштөөсү каралган. Мындай окуучулар электрондук окуу куралынан пайдалануу инструкцияларын окуп чыгып, маалыматтарды түшүнүп алып, текст жана көнүгүүлөр чечүү процессинде чоң өздөштүрүү көрсөткүчүнө ээ болушат. Электрондук окуу куралдар азыркы күндө негизенен NTML, түрдүү Web сайттар, FLASH формасында атайын программалар көрүнүшүндө иштеп чыгарылган. NTML көрүнүшүндөгү электрон окуу куралдары негизинен тексттерден көп пайдаланып, сүрөттөр жана видеофрагменттерди пайдаланышат. Бул көрүнүштөгү электрондүк окуу куралдарынын жетишкендиктери - пайдалануу жана кагазга чыгаруу ыңгайлуулугу, өзүнчө инструкцияларга муктаждыгы аздыгында болуп эсептелет. Мындай окуу куралдар негизинен гипертексттерден туруп, маалыматтарды тез табуу мүмкүнчүлүгүн берүү менен бир катарда окуу куралын өлчөмүнүн кичиктиги менен ажыралып турат. Бул окуу куралдарын иштетүү үчүн Internet Explorer программасын билүү жетиштүү. Бул көрүнүштөгү программалардын кемчилдиги анын бир бөлүмү Word , Блокнот жана ошого окшош программаларга өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнүн бардыгында. Бул абал болсо электрон электрондук окуу куралын жаратуучусунун автордук укугунун бузулушуна алып келиши жана маалыматтар тизимине зыян жеткирүү мүмкүн. Мындай окуу куралдары өзгөртүүчүлөр табылат. Бул абалга Macromedia Delphi программаларында иштелген болуп өтө чоң маалыматтар базасына ээ. Мындай программалар негизинен биология, тарых, география жана ага окшош маалыматтар базасын кенен колдоонуу мүмкүн болгон илимдерде иштетилет.

М; географиядан өтүлүп жаткан бир темада бир территория менен тааныштырууда, физикалык, экономикалык бөлүмүнө жакын болгон түшүнүктөр берилет.

Биз география билимин окутуп үйрөтүүдө электрондүк окуу куралынан пайдалансак, заманбап талаптарга жооп бере турган билимди калыптандырабыз.

География бул көп тармактуу илимдер системасына кирет. Ошого байланыштуу 2 чоң бөлүмдөн турат.

1. Физикалык география бөлүмү;
2. Эконом-социалдык бөлүм.

Физикалык география тармагын – геология, геоморфология, ландшафтануу, топурактануу, гидрология, минерология, климатология, метеорология, ж.б.у.с. билимдер түзөт. Ал эми эконом-социалдык география тармагын болсо- экономикалык, социалдык, калк жана демография, картография, топография, мамлекеттердин, региондордун ж.б.у.с. билимдерден турат. Демек география илими чындыгында көп тармактуу болгондугуна байланыштуу, ар бир тармагы боюнча өзүнчө электрондук окуу куралы түзүүнү сунуштайбыз. Биз география билимдин бир тармагы боюнча төмөнкүдөй электрондүк окуу куралын түзүүнү багыттарын сунуштайбыз: Аны үчүн төмөнкүдөй иш чаралар талап кылынат. Алгач мугалим түзүп жаткан предметин тереӊ үйрөнүп , изилдеп чыгуу керек.

- Мугалим электрондук окуу куралы даярдай турган предмет боюнча мамлекеттик стандартка дал келе турган жумушчу программасын же календардык-тематикалык планын түзүү;
- Түзүлгөн программа же план боюнча темалардын тизмелерин, бөлүмдөрүн ирeттөө;
- Ар бир түзүлгөн тема боюнча маалыматтар (статистикалык, лабораторлук ченөөлөр жыйынтыгы) ж.б.у.с. топтоо;
- Темалар боюнча пайдалануучу адабияттар тизмесин тактоо;
- Ар бир теманын планын жана план схемасын түзүү;
- Темалар боюнча лекциялар жана конспекттер жазуу (ар бир лекция минимум 10-12 беттен кем эмес, диаграмма, таблицалар, так маалыматтар берилген болушу керек);
- Темалар боюнча көрсөтмө куралдар (жасалма, натуралдык, экрандык) даярдоо;
- Темаларга байланыштуу окуу куралдар (карта, глобус, усулдук көрсөтмөлөр) даярдоо;
- Темалар боюнча заманбап технологиялардан колдонуп иштелмелер даярдоо;

- Ар бир темага керектелген карталарды (физикалык, экономикалык, калктын, ж.б) киргизїї;
- Лаборатордук иштердин тизмесин тїзїї;
- Лаборатордук сабактын заманбап технологиялардан колдонуп иштелмелерин даярдоо;
- Лаборатордук иштерге тиешелїї кєрсєтмє куралдарды даярдоо жана киргизїї;
- Лаборатордук иштерге керектелїїчї адабияттар тизмесин тактоо;
- Лаборатордук иштерге тиешелїї маалыматтар даярдоо;
- Лекция жана лаборатордук сабактардын киришїїсїнє їн кошуу;
- Лекция жана лаборатордук сабактарына мультимедия фрагменттерин даярдоо;
- Лекциялар боюнча билимин текшерїїнїн формаларын киргизїї (тест, сан-диктант, оозеки, жазма, текшерїїчї суроолор);
- Лаборатордук иштер боюнча отчет жазуу їлгїлєрїн киргизїї;
- Лаборатордук иш боюнча билимин текшерїїчї суроолур, мисалдар жана маселелер.
- Предмет боюнча жалпы тест суроолорун тїзїї;
- Предмет боюнча контролдук иштердин темаларын киргизїї;
- Предмет боюнча курсттук иштердин темаларын киргизїї;
- Предмет боюнча дипломдук иштердин темаларын киргизїї;
- Предмет боюнча актуалдуу темаларды илим изилдєєгє сунуштоо;

Жогорудагы болжолдуу багыттар менен электрондїк окуу куралдарын тїзїї сунушталат. Электрондук окуу куралдарын тїзїї менен бирге мугалимдин компьютердик билими єркїндєп бышыкталат. Ошондой эле окуучу же студенттер керектїї сайттар боюнча изилдєє системасынан пайдаланып єз алдынча иштєєгє їйрєнєт. Демек, электрондук окуу куралдары окуучунун билимин тереўдетїї менен бир катарда мугалимдин да єз їстїндє кєп иштєєсїн камсыздайт. Айрыкча географияда ал зор мааниге ээ.

АДАБИЯТТАР

1. Интернет маалыматтары. «Я иду на урок», Web сайт.
2. Образование и наука в КР . –Бишкек, 2006.